«БЕКИТЕМ»
Бекмамат Осмонов атындагы
Жалал-Абад мамлекеттик
университетинин ректору,
техн.и.д., проф. К. Ж. Усенов
_______________
2023-жыл «30» июнь

Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Филология факультетинин маданияттар аралык байланыш жана лингвистика кафедрасынын 2023-жылдын 30-июнундагы кеңейтилген отурумунун № 11 протоколунан

**КӨЧҮРМӨ**

**Катышкандар:**

1. Караева З. К. филология илимдеринин доктору, профессор (10.02.20) (онлайн);
2. Алишова М. К. филология илимдеринин доктору, доцент (10.02.20);
3. Мирзахидова М. И. филология илимдеринин доктору, профессор (10.02.06);
4. Дарбанов Б. Е. филология илимдеринин доктору, профессор (10.02.19);
5. Абдувалиев И. филология илимдеринин доктору, профессор (10.02.01);
6. Оморов А. филология илимдеринин кандидаты, доцент (10.02.01);
7. Калмуратова А. О. филология илимдеринин кандидаты, доцент (10.02.20);
8. Орозбаева Г. А. филология илимдеринин кандидаты, доцент (10.02.20);
9. Хурибаева Э. Г. филология илимдеринин кандидаты, профессор (10.02.01);
10. Омошев Т. Т. педагогика илимдеринин кандидаты, профессор (13.00.02);
11. Алтаева Д. И. филология илимдеринин кандидаты, доцент (10.02.01);
12. Шерматов А. О. К.Ш.Токтомаматов атындагы Эл аралык университетинин доценти;
13. Эргешова Р. А. ага окутуучу;
14. Узенбаева У. Ш. ага окутуучу;
15. Абышев Э. А. окутуучу;

16. Кадырбек кызы Г. окутуучу;
17. Турганбаева Б. К. окутуучу;
18. Ахматов У. А. окутуучу;

**Күн тартибинде каралуучу маселе:**

Бекмамат Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Филология факультетинин маданияттар аралык байланыш жана лингвистика кафедрасынын аспиранты Жапарова Гулнарида Токторалиевнанын **«Кыз Дарыйка» поэмасына лингвопоэтикалык анализ (кыргыз тилинен англис тилине жасалган котормонун негизинде)** деген темада 10.02.20 – тектештирме-тарыхый, типологиялык жана салыштырма тил илими адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин талкулоо.

Илимий жетекчиси – ф.и.д., профессор Караева З. К.

**Жыйындын төрайымы:** Жолдошбаева Ы. К. – п.и.к., доцент, маданияттар аралык байланыш жана лингвистика кафедрасынын башчысы

**Катчы**: Аттокурова М. А. - маданияттар аралык байланыш жана лингвистика кафедрасынын окутуучусу

**УГУЛДУ:**

**Төрайым, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Жолдошбаева Ы. К.: -** Урматтуу кесиптештер, К. Ш. Токтомаматов атындагы Эл аралык университетинин Чет тилдер, котормо теориясы жана практикасы кафедрасынын башчысы жана Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин маданияттар аралык байланыш жана лингвистика бөлүмүнүн аспиранты Жапарова Гулнарида Токторалиевнанын **«Кыз Дарыйка» поэмасына лингвопоэтикалык анализ (кыргыз тилинен англис тилине жасалган котормонун негизинде)** деген темада 10.02.20 - тектештирме-тарыхый, типологиялык жана салыштырма тил илими адистиги боюнча жазылган кандидаттык диссертациясын талкуулоо кафедранын бүгүнкү кеңейтилген отурумунун күн тартибине коюлууда. Өзүңүздөргө белгилүү болгондой, кандидаттык диссертацияны талкуулоого коюлган талаптарга ылайык кафедранын кеңешмесине диссертациянын адистиги боюнча филология илимдеринин докторлору Дарбанов Б. Е, Алишова М. К, Мирзахидова М. И, Абдувалиев И, филология илимдеринин кандидаттары Оморов А, Калмуратова А. О, Орозбаева Г. А, Хурибаева Э. Г, Алтаева Д. И, Омошев Т. Т, окутуучулар курамы, мен өзүм жана онлайн режимде Караева З. К. тилчи окумуштуулар тарабынан түзүлдү.

Диссертациянын реквизиттери Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык

комиссиясы койгон талаптарга жооп берет. Теманын жана илимий кеңешчинин бекилгендиги тууралуу Жалал-Абад мамлекеттик университеттин Окумуштуулар кеңешинин токтомунан көчүрмө, диссертациянын темасы боюнча жарыяланган эмгектердин тизмеси жана «Кыз Дарыйка» поэмасынын кыргыз тилинен англис тилине которулган китеби кошо тиркелген. Диссертанттын илимий жетекчиси филология илимдеринин доктору, профессор Караева З. К. (онлайн).

Анда жыйынды ачык деп жарыялоо менен күн тартибиндеги маселени талкуулоого өтсөк. Алгачкы сөздү филология илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн жазган иши боюнча изденүүчү Г. Т. Жапарованын баяндамасына кезек берели. Регламент - 20 мүнөт.

**Изденүүчү Жапарова Г. Т.:** Саламатсыздарбы урматтуу төрайым, бүгүнкү талкуунун урматтуу катышуучулары, биздин диссертациялык ишибиз «Кыз Дарыйка» поэмасына лингвопоэтикалык анализ (кыргыз тилинен англис тилине жасалган котормонун негизинде) деп аталат. Илимий жетекчим филология илимдеринин доктору, профессор Караева Зина Караевна.

Диссертациялык иш киришүү, 3 бап, корутунду, колдонулган адабияттардын тизмесинен жана тиркемеден турат. Ар бир баптын аягында кыскача тыянак чыгарылды. Киришүү бөлүмүндө диссертациянын актуалдуулугу, максат-милдеттери көрсөтүлүп, иштин илимий жаңылыктары, практикалык мааниси, коргоого коюлуучу жоболор камтылган.

**Теманын актуалдуулугу.** Сунушталып жаткан диссертацияда элдик поэмаларды алгачкы жолу кыргыз тилинен англис тилине которуу менен элдик, фольклордук поэмасына жана алардын котормолоруна лингвопоэтикалык иликтөө жүргүзүлүп, атайын илимий деңгээлде иликтөөгө алгачкы жолу поэмадагы котормо алынып жаткандыгы менен түшүндүрүлөт. Биз, илимий ишибизде котормо категорияларын илимий курал катары пайдалануу менен лингвопоэтикалык каражаттардын негизинде алгачкы жолу системага салып изилдөөгө аракет жасадык.

Бул максатка байланыштуу лингвопоэтиканын изилдөө жолун ачат. Филологиялык дисциплиналардын контекстинде ээлеген ордун аныктоо үчүн көркөм адабият тилин изилдөөгө илимий көз караштардын эволюциясына көз салуу милдетин коёбуз. Ошондой эле котормо илиминде экстралингвистикалык релеванттуулуктардын өзгөчөлүктөрү эске алынбай келген, б.а. системага салынбай келген. Биз илимий ишибизде котормо категорияларын илимий курал катары пайдалануу менен лингвопоэтикалык

каражаттардын негизинде алгачкы жолу системага салынып изилдөөгө аракет жасадык. Лингвопоэтикалык иликтөө аркылуу көркөм чыгармада колдонулган жана чыгарманын өзгөчөлүгүн, кайталанбастыгын аныктай турган фонетикалык, лексикалык, грамматикалык, стилистикалык мүнөздөгү лингвистикалык каражаттардын бардык түрлөрүнүн биригүүсү менен тексттин идеялык – көркөм мазмунун ачуудагы аткарган ролун аныктоо жана алардын коннотативдик деңгээлде которулушун изилдөө негизги маселе катары каралды.

Лингвопоэтикалык анализ берүүдө тилдин формасы чыгарманын мазмунун түзүүдө кандай катыша тургандыгын билдирип, адабият менен тыгыз байланышкан. Лингвопоэтикалык талдоо В. Я. Задорнованын жана А. А. Липгарттын эмгектеринде биринчи жолу иштелип чыккан, кыргыз чыгармаларына лингвопоэтикалык талдоо жүргүзүү З. К. Караеванын, Б. Ш. Усубалиевдин, А. Оморовдун, А. Э. Абдыкеримованын эмгектеринде тереңдетилип берилген.

Кыргыз чыгармаларын англис тилине которуу өзгөчөлүктөрү, которуу жолдорун иштеп чыгуу, котормодо колдонулган трансформацияларды, интерпретацияларды изилдөө жана аларды колдонуу мүмкүнчүлүктөрүн ачып берүү, котормо жолдоруна мүнөздөмө берүү, түп нускага жана анын котормосуна лингвистикалык, стилистикалык, адабий жана семиотикалык анализ жүргүзүү, котормонун экстралингвистикалык факторлорун аныктоо максатында белгилүү окумуштуу лингвисттердин эмгектери теориялык негизде колдонулду.Котормо илиминин теориясынын негизинде поэтикалык чыгармаларды которуу маселелери көптөгөн лингвисттердин: Аристотелдин, Л.С.Бархударовдун,О.С.Ахманованын,В.Н.Комиссаровдун, Т.А.Казакованын, Я.И.Рецкердин жана П.Ньюмарктын эмгектеринде изилденген. Изилдөөчүлөрдүн көңүлүн котормочунун ишин татаалдаштырган поэтикалык чыгармалардын өзгөчө спецификасын белгилөө менен чыгарманын формасын сактоо же жоокердин эпикалык образын берүү сыяктуу маселелерге көңүл бурулган.

Бир тилден экинчи бир тилге поэмаларды которуу аркылуу башка элдин тилдик жана дүйнө таанымдык өзгөчөлүгүн таанууга болот. Анткени элдик поэмалар аркылуу берилген улуттун маданияты өзүнө тиешелүү өзгөчөлүктөрү бар, адамдагы, материалдык, руханий ишмердүүлүктүн, социалдык-тарыхый, эстетикалык, моралдык нормалардын, баалуулуктардын натыйжасы болуп саналат. Мына ушуга байланыштуу бул илимий иште элдик поэманын англис тилине которулушу жана андагы тилдик каражаттар, эки элдин дүйнө таанымынын чагылдырылышын талдоого арналгандыгы менен **актуалдуу** болуп саналат.

**Изилдөөнүн максаты.** Көркөм чыгармаларга лингвопоэтикалык анализ жүргүзүү аркылуу элдик акындардын чыгармаларынын жана алардын котормолорунун тилдик жана экстралингвистикалык табият-маңызын, өзгөчөлүктөрүн жана көркөм чыгармалардын тилинин эстетикалык функциясын ачып берүү; тектеш эмес эки тилдеги ыр түзүлүштөрүнүн стилистикалык өзгөчөлүктөрүн, алардын жалпылык менен айырмачылыктарын белгилеп көрсөтүү; котормонун экстралингвистикалык, адабий жана семиотикалык аспектисин изилдөө; бүтүн бир система катары калыбына келтирүү.

Филология илиминин бир бөлүгү катары ал тектеш дисциплиналардын тажрыйбасын жана иштеп чыгууларын ийгиликтүү ишке ашырат, бул сүрөттөлүшү керек болгон жаңы ыкмалардын жана изилдөө ыкмаларынын пайда болушуна алып келет.

Изилдөөнүн максаты төмөнкүдөй **милдеттерди** чечүүнү талап кылды:

1) жалпы тил илиминде, кыргыз жана англис тилдеринде чыгармаларды тилдик өңүттө изилдөөнүн жана аларды которуунун илимий-теориялык, методологиялык, методикалык маселелерин аныктоо;

2) кыргыз чыгармаларын англис тилине которууда улуттук өзгөчөлүктөрүн мүнөздөп берүү;

3) элдик поэмалардын котормосун изилдөө иштеринин өнүгүү этаптарын, табиятын, өзгөчөлүктөрүн иликтөө;

4) кыргыз жана англис чыгармаларына тиешелүү болгон тилдик каражаттарды түрдүү деңгээлде салыштырып талдоо.

5) кыргыз чыгармаларын англис тилине которууда түп нусканын адекваттуулугун сактоонун жолдорун белгилөө.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор:** Лингвистикалык анализ – элдик поэмада колдонулган жана анын бөтөнчөлүгүн, кайталанбастыгын аныктап турган 1) фонетика-фонологиялык; 2) морфологиялык; 3) лексикалык; 4) синтаксистик деңгээлдерде анализдөөнү талап кылат.

1. Стилистикалык анализдин негизинде элдик поэмадагы лингвистикалык көркөм сөз каражаттары каралат.
2. Адабий анализде чыгарманын идеясын берүү жана экстралингвистикалык факторлордун окурманга таасир этүүсү каралат.
3. Семиотикалык анализ поэмадагы котормонун семиотикалык белгилерин талдоо.
4. Экстралингвистикалык каражаттардын ролун көрсөтүү. Поэтикалык текстти которуудагы негизги маселе - адекваттуу которууга жетишүү үчүн тилдин спецификалык өзгөчөлүктөрүн эске алуу, чыгармадагы көркөм

образды башка тилдин каражаттары аркылуу анын өзгөчөлүгүн, негизги ойдун түпкүлүгүн, мазмундук бирдигин жана стилин сактоо аркылуу котормо тилде кайрадан түзүп чыгуу менен бирге экстралингвистикалык факторлорду эске алуу болуп саналат.

**Илимий иштин апробацияланышы.** Темага байланыштуу илимий макалалар жогорку окуу жайлар тарабынан уюштурулган түрдүү илимий-практикалык конференцияларда жарыяланып, басмадан чыккан: Ошондой эле республикалык, эл аралык илимий-теориялык конференцияларда котормо жөнүндөгү докладдар окулуп, макалалар жарык көрдү. Кыргыз тилинен англис тилине түз которулган алгачкы котормо окуу китеби 2018 – жылы башталып, 2020-жылы элдик поэма «Кыз Дарыйка» чыгармасы которулуп, «Кыз Дарыйка» аттуу китеп басылып чыкты.

**Илимий иштин структурасы.** Диссертация киришүүдөн, үч баптан, корутунду бөлүмдөн, колдонулган адабияттардын жана адабий булактардын тизмесинен, интернет ресурстарынан жана тиркемеден турат.

**Иштин I-бабы «Элдик поэманы изилдөөнүн теориялык негиздери»** деп аталып үч бөлүмдөн турат.

**Лингвопоэтиканын Россияда калыптанышы жана өнүгүшү.**

Лингвопоэтиканын - пайда болушуна чейинки теориялардын негизинде Россияда жана чет өлкөлөрдө көркөм адабияттын тилин үйрөнүүдө эки тенденция байкалат: структуралык-семиотикалык мамиле Р. О. Якобсон (1987, 1975), А. Греймас (2004), Р. Барт (2003), С. Левин, М. Риффатер (1960), Ю. М. Лотман (1996, 1998, 2002) жана филологиялык мамиле боюнча I-муун О. С. Ахманова, В. В. Винокур, Л. В. Шерба, Б. В. Томашевский, А. М. Пешковский, Р. А. Будагов, Э. Аларкос Льорака, Х. Мартинеса жана башкалар [12]. Ал эми II-муун В.Я. Задорнова, А. А. Липгарт, М. Э. Конурбаевдер изилдешкен. Кыргызстанда – бул багытта изилдегендер З.Караева (2006), А. Абдыкеримова (2008), Г. Сатыбалдиева (2009), Г. Тургунова (2010), К. Калиева (2010), А. Асылбекова (2012), Г. А. Орозбаева (2011), А. Токтоматова (2017), М. К. Алишова (2021) өз салымдарын кошушкан.

**Лингвопоэтиканын чет өлкөлөрдө (АКШ, Англия, Франция, Германия) изилдениши.** Кээ бир айырмачылыктарга карабастан, лингвопоэтиканын негизги жоболоруна эң жакын Д. Лич жана М. Шорттун эмгектери каралган. Д. Личтин көз карашы боюнча лингвопоэтиканын да, стилистиканын да негизи “актуалдаштыруу” Прага лингвистикалык мектебинен башталган. Тексттин формасы менен интерпретациясынын ортосундагы байланыш катары, ар кандай, көбүнчө батыш стилистикасынын бири-бирине карама-каршы келген багыттары лингвопоэтикалык изилдөөлөр менен айырмаланган иштердин окшоштугу изилденген. “Стилистикалык

плюрализм”- бул тилдин функциялары боюнча стилди талдоо. Д. Лич жана М. Берк боюнча стилистиканын алдында аны кантип аныктоо керек экендигин белгилеген. Башка эстетикалык натыйжа тилдин жардамы менен жетилет, бул В.Я. Задорнова, А. А. Липгарт жана башка филологдордун түшүнүгүндө лингвопоэтиканын милдетине толук шайкеш келет.

**Лингвопоэтиканын Россияда изилдениши.** Айрым тексттерди лингвопоэтикалык изилдөө салты негизинен академик В. В. Виноградовдун эмгектери менен байланыштуу. Л.В. Щербанын [30] жарыяланган бир нече чыгармаларына белгилүү бир анти-тарыхизм мүнөздүү болгон. Академик Виноградовдун сөзү боюнча, ал үчүн "Тил - кызыгуу менен мүнөздөлөт, тил – социалдык тутумуна жана оозеки чыгармачылыкка эмес, лингвистикалык изилдөөнүн көркөм чыгарма адабий галереянын тарыхый алкактарынын ыкмасына алынып, "адабият музейинен" алынат"[48, 62-б.] деп белгилеген; Б. В. Томашевский конкреттүү тексттерди талдоодо баштапкы теориялык жоболордун бардык ырастоолору менен тарыхый-маданий комментарийге ыктаган [192]; Мындан сырткары В.Я. Задорнова, А. А. Липгарт, М. Э. Конурбаевдер өздөрүнүн илимий эмгектеринде лингвопоэтиканы бир жагынан илим катары эсептеп, экинчиден анын ыкма катары колдоноорун көрсөтө алышкан.

**Лингвопоэтиканын Кыргызстанда изилдениши.** Көркөм чыгарманын адабий тилин иликтөөдө Б. Усубалиев (1994, 1995) кыргыз тил илиминде белгилүү илимпоз, илимдин кандидаты Ж. Шүкүрбековдун (1947) “Язык Молдо Кылыча” аттуу кандидаттык диссертациясынан башталат. Мындан ары көркөм чыгарманын тилин, көркөм текстти лингвистикалык жана лингвостилистикалык багытта иликтөө иштери К. Кырбашев (1968), Мамытов (2002), Т. Аширбаев (2000, 2001), С. Өмүралиева (2005), С. Мусаев (1990, 2000), Т. Маразыков (1996, 2005), А. Оморов (2002), З. Караева (2006), А. Абдыкеримова (2008), К. Калиева (2010), А. Асылбекова (2012), Г. А. Орозбаева (2011), А. Токтоматова (2017), М. Алишова (2021) эмгектеринде кеңири иликтенген.

**«Элдик поэманын котормосун изилдөөнүн методологиясы жана методдору»** деп аталган II-бапта изилдөөнүн объект, предмети, методологиялык базасы, которуу методдору жөнүндө сөз болот.

**Изилдөөнүн объектиси -** Кыз Дарыйка элдик поэмасынын котормосуна лингвопоэтикалык анализ.

**Изилдөөнүн предмети** – ошол которулган чыгармага лингвопоэтикалык анализ жасоо менен чыгармадагы колдонулган фонетикалык, лексикалык, синтаксисттик, стилистикалык көркөм сөз каражаттары, салыштыруулар, фигуралар жана аларды которуу жолдору, которууда адекваттулукка жетишүү

үчүн зарыл болгон экстралингвистикалык факторлор, чыгарманын негизги идеясын берүүдө колдонулган филологиялык, адабий жана семиотикалык элементтер болуп саналат.

**Лингвопоэтикалык каражаттарды изилдөөнүн методологиясы.** Методология - илимий изилдөө ишинде ошол ишти жазуу үчүн көрсөтө турган, таяныч бере алчу мурда түзүлүп калган илимий билимдердин жыйындысы. Биздин ишибизде коюлган маселелердин чечилиши үчүн жогоруда белгиленген окумуштуулардын эмгектери менен катар М.В.Жирмунский, Ю.М.Лотман, И.И.Ковтунова, Н.А.Фатеева, Т.Садыков, А.Н.Сыдыков, С.Өмүралиева, К.Рысалиев, А.Имановдордун иштери, котормо маселесине келгенде профессор З.К.Караеванын котормо категориясынын негизинде ишке ашырылды. Ал эми элдик поэманы эки тилде салыштырып изилдөөдө “Кыз Дарыйка” элдик поэмасынын түп нускасы жана анын англис тилиндеги котормосунун тексти алынды.

Лингвопоэтиканын методологиясына В. М. Жирмунский дагы өз салымын кошкон. Мазмунунун жана форманын биримдиги жөнүндө сөз болгондо, А. С. Ахманова, М. Э. Конурбаев, А. А. Липгарт, В. Я. Задорнова, А. С. Назарова, В. М. Жирмунский форманын ар кандай өзгөрүшү сөзсүз түрдө жаңы мазмундун ачылышына алып келерин, мазмунундагы өзгөрүү формага таасир этерин белгилейт. Ошентип, көркөм чыгарманын мазмунун тилдик экспрессиянын каражаттары менен тыгыз байланышта кароо керек. Бул илимпоздун өзгөчө артыкчылыгы-поэтика маселелерин кароодо поэтикалык тил же сөз башталат. "Поэзия-бул оозеки искусство, поэзия тарыхы — оозеки тарых.» [Жирмунский 72: 21].

**Изилдөөнүн методдору** катары компоненттик анализ жүргүзүү, семантикалык-семиотикалык, тарыхый, маданий, типологиялык-салыштырма методдору, сыпаттама, моделдештирүү, контекстуалдык анализ, трансформациялык методдору колдонулду. Поэтикалык тексттин маанисин берүүдө лингвопоэтикалык иликтөө методу колдонулду.

**Изилдөө ишибиздин III бабы «Элдик поэманын котормолоруна лингвопоэтикалык анализ»** деп аталат. **Элдик поэмадагы фонетика-фонологиялык каражаттарды которуунун жолдору.** Фонетикалык-фонологиялык стилистика-лык ыкмалардын максаты – окурмандын көңүлүн буруу максатында тыбыштык эффект берүү, уккулуктуу тыбыштык үндөштүктөрдү түзүү. Сөздөрдүн тыбыштык айтылышы жеке турганда эч кандай эстетикалык мааниге ээ болбойт. Тыбыштар башка тыбыштар менен биригип алардын комбинациялык биригүүсү уккулуктуу фонетикалык дабыш чыгарышы мүмкүн. В. И. Смирницкий жана А. А. Реформатскийдин көз карашында тилдерди салыштырып изилдөө мындайча ишке ашат: «тил – бул

элге, адамдарга таандык, мында фонетика биринчи орунда турат, дүйнө жүзүндөгү ар бир тил конкреттүү түрдө бири-биринен айырмаланат, анткени фонема өзгөчө бирдикти түзөт да, тилдин эң реалдуу болушуна түрткү болот». Мына ошонун негизинде тилдерди жалпы салыштырма типологиялык мүнөздөө фонематикадан башталат. [Реформатский 1979: 170; Смирницкий 1969: 194].

**Морфологиялык каражаттарды которуунун жолдору.** Морфологиялык каражаттардын котормодо берилишин изилдөө да өзгөчө мамилени талап кылат. Акындын чыгармаларындагы айрым бир сөздөр көркөм элестүү көрүнүштү сүрөттөп жеткире алуучу күчкө ээ. Изилдөөлөрдөн улам төмөнкүдөй которуу моделдерине учурайбыз: Биз иликтөөгө алып жаткан поэманын экспрессивдик, эмоционалдык маанилерин берүүдө да зат, сын атоочтор маанилүү орунда турат:

Жадырап ***кабагы ачык шайыр мүнөз,***
***Эли да эң бир сонун сөзмөр*** келет.
Союшат ***кой*** ордуна ***тай-тайларын,***
Чакырат ***мейман*** кылып бүт ***аймагын***.[К. А. 332-б.]

Алынган строфадагы ***кабагы, эли, мүнөз, кой, тай-тайларын, мейман, аймагын*** деген зат атоочтор, ***ачык, шайыр, эң бир сонун,*** деген сын атоочтор поэмада түрдүү функцияларды аткарды. Мисалы, ***"Союшат кой ордуна тай-тайларын"*** деген саптагы зат атоочтор кыргыз элинин меймандостугун жана колу ачыктыгын ***эмоционалдык-экспрессивдүү*** туюнтуу функциясын аткарды, ал эми ***ачык, шайыр*** сын атоочтору ***мүнөз*** зат атоочунун аныктоочу болуп келип, ***мүнөздүн*** сапатын тереңдетти, эмоционалдык маанисин күчөттү. Ал эми күчөтмө даражалуу ***эң бир сонун сөзмөр*** конструкциясындагы сын атооч кыймыл-аракеттин (келет) сын-сыпатын күчөтүп, бышыктооч болуп келүү менен кыргыздын ырды, чечендикти жогору баалаган, мындай сапатты өнөр катары баалаган эл экендигин чегине жеткире ачып берүүгө жетишти.

Ушул строфанын англис тилине которууда:

It adds ***sparkle to locals' joyful eyes***
And with their ***open cheerful_temperaments,***
Makes them ***extraordinary orators.***
Would slaughter ***colt and colts*** instead of ***sheep.***
They lay on ***feasts for the whole region*** [Ж. Г. 224-б.], - англис тилиндеги ***sparkle to locals' joyful eyes, open cheerful_temperaments, extraordinary orators, colt and colts*** instead of ***sheep, feasts for the whole region*** котормодогу саптар зат, сын атоочтору колдонулду жана кыргыз тилиндегидей эле стилистикалык кызмат аткарып, мааниси сакталып англис тилине которулду.

**Элдик поэмадагы лексикалык каражаттарды которуунун жолдору.**

**Кабыл алынган сөздөр** деп – учурдагы кыргыз тилинин активдүү лексикасынан чыгып, бирок белгилүү бир тарыхый доордун көрсөткүчү катары тилибизде али колдонулган сөздөрдү айтабыз. Кыргыз тилинде элибиздин өткөндөгү тарыхый абалын, турмуш-тиричилигин, коомдук-саясий түзүлүшүн, социалдык-экономикалык мамилелерин туюндурган сөздөр кездешет. Кабыл алынган сөздөр элдик оозеки чыгармалардан да кеңири кездештирүүгө болот. Ошондуктан поэмада байыркы, эски мурунку доорлорго тиешелүү болгон сөздөр кездешкендиктен, поэтикалык эле ыргакты бузбастан, айрым сөздөрдүн жакындаштырылган маанилери менен которууга туура келди. Мисалы:

***Энди*** биз токтобойлу Дарыйкага,
Келерибиз өз кезегинде кийин ага.
Жаздың деп кайдан алып бул ***кы(сс)заны,***
Бирөөлөр суроо берер балким мага. [К.А. 277-б.]

Котормодо:

***Now*** before coming to Dariyka,
Let me first to explain
Why I have chosen to write her ***story,***
It may be wonder for readers
And have a right to know it. [Г. Ж. 144-б.]

Маселен **кыса (кысса)** сөзү өзгөчө тактыкты талап кылат. Бул термин - түрк менен перстерге орток акындар жазган *газел (казал), раджа* сыяктуу поэзия термини. Кыса сөзү элдик поэтикада өтө сейрек кездешкен сөз катары белгилүү жана негизинен чыгыш поэзиясына мүнөздүү. Кыса негизинен дидактикалык мүнөздөгү кандайдыр бир белгилүү көрүнүшкө арналган философиялык көз карашка басым жасаган көп кырдуу, терең маанилүү ыр түрүндөгү жанр. Кыса сөзүн англис тилине башка жакынырaак маанидеги баян, ыр баян, санжыра (ыр түрүндө) уламыш, же дастан деп берүү максатка ылайык же кыза (кысса) – адабий жанр, аңгеме, жомок, ыр, баян. [185, 880-б.]

**Элдик поэманы англис тилине которууда синтаксистик каражаттардын берилиши.** К.Алимановдун поэтикалык тилинде, биз жогоруда көрсөтүп кеткендей, тилдин бардык деңгээлдеринин бирдиктери катышат. Синтаксистик тарабынан алганда, негизинен төмөндөгүдөй майда топторго бөлүп кароого болот: а) жөнөкөй сөз айкашы; б) фразеологиялык каражаттар, идиомалар, в) редубликативдүү сөздөр; г) эки же андан көп компоненттен турган сөз айкашы.

Эпикалык синтаксистик каражаттар чыгарманын мазмунун, андагы маанилүү теманы, идеяны өзгөчөлөп көрсөтүүчү, анын экспрессивдүүлүгүн, көркөмдүүлүгүн, окуянын жүрүшүн күчөтүүчү жана поэтикалык тексттеги

ритмди-ыргакты түзүүчү касиеттерге ээ. Мындай эркин сөз айкаштарын төмөнкүлөрдү кошууга болот. ***Кыз балбан, кыз кабылан шер, улуу дастан, чоң дастан*** ж. б кошууга болот.

Мисалы: Бул сөздү мен жазууга бир себеп бар,

Окуучу болгон ишке көңүлүң сал.
**Кыз балбан** Дарыйканы айтып бер деп,
Чакиден сурап калды отургандар.
Чаки айтты Дарыйка ***кыз кабылан шер,***
Аз болгон заманында ошондой эр. [К. А. 277-б.]
I have good reason to write this tale,
As attentive students will soon discover.
Chaki said that ***Dariyka was a lion hero****,*
And asked from Chaki who were there
She is the ***fighter, panther*** of her time. [Г. Ж. 130-б.]

Жогорку текстеги " кыз балбан +Noun деген эпикалык сөз айкашы которгондо ***Dariyka was a lion hero****,* биз англис тилинин салттуу эрежелерин сактоо менен толук сүйлөм менен берүүгө туура келди. Поэмада кездешкен

синтаксистик каражат кыз ***балбан***-күрөшкө, оодарышка, мелдешке ж.б. түшүп, күч сынашкан күчтүү кыз баланы айтышат. Мындай түшүнүк Британия маданиятында да кездешет да ***"a female warrior"*** сөз айкашы менен берсек болот. Кийинки маанисин жакшылап карап көрсөк аны лексика-морфологиялык каражаттар менен да берүүгө мүмкүн экендигин көрөбүз. Мисалы : Model 1 (бир компоненттүү)

| | |
|---|---|
| Noun+Noun | Noun; 1-компоненттүү |
| Кыз балбан | warrior, fighter, a female hero |
| Кыз кабылан шер | fighter, panther, hero |

***Кыз балбан, кыз кабылан шер*** деген сөз айкашын которгондо биз англис тилинде ***fight +er , warrior , panther*** деген жөнөкөй жана морфемалар менен бериле тургандыгы белгилүү болот.

**Элдик поэманын англис тилиндеги котормолоруна стилистикалык анализ.** К.Алимановдун поэмасынын өзгөчөлүгү – окурмандарынын арасында өз күйөрмандарына ээ болуп тургандыгында. Акындын поэмасында кылдаттык менен колдонулган метафора, метонимия, эпитет сыяктуу көркөм сөз каражаттары элдик чыгармаларды сүйүүчүлөрдүн көңүлүн өзүнө бурбай койбойт. Поэтикалык кепте стилистикалык жол менен сөздөрдүн коннотациялык маанилерге ээ болуусу дайыма кездешет. Алар эмоционалдык-экспрессивдик ойду калкалап, окурманга таасир берет.

Бир же эки компоненттен түзүлгөн, бир образды берген жөнөкөй метафора:

Катыраң көңүлү тынып баласынан,
Дарыйка ***дүнүйөлүк шер*** атанган.
Эрдигин көзү көрүп тирүүндө,
Келбеске бул жалганга сапар алган. [К. А. 292-б.]

Котормодо:

His child had enlightened Katyrang's spirit.
He had lived to see her feats of courage,
Dariyka was recognized the ***world lion,***
To leave this world for the next. [Ж. Г. 168-б.]

Автордун жараткан поэмасында *дүнүйөлүк шер* катары баалап, Дарыйканын балбандыгын дүйнө менен салыштырган. Котормого метафора *«дүнүйөлүк шер», «world lion»* деп метафора = метафора аркылуу берилди.

Модель 1

***дүнүйөлүк шер= world lion***

*Adj* + N = *Adj +N*

Сөз таза лингвистикалык аспектиде алганда, тарыхый жактан калыптанып калган, ошол тилде сүйлөгөн ар бир адамдын аң-сезимине бирдей түшүнүктүү чагылдырган жана номинативдик функция аткарган лексикалык категория болуп эсептелет. Ал – формасы жагынан тыбыштардан уюшулган, кепте колдонууга жарамдуу, лексикалык, грамматикалык жана стилистикалык маанилери бар тилдин борбордук бирдиги, кептеги эң негизги каражат. Мына ушуга байланыштуу сөз- тилдик деңгээлдердин ичинен лексика-семантикасы, стилдик функциясы жагынан өтө татаал, көп кырдуу көрүнүш.

**Элдик поэманын англис тилиндеги котормолоруна адабий анализ.**

Адабий анализ - текстин филологиялык анализи лингвопоэтиканын негизи катары каралат: бул жөнүндө. А. М. Науменко, (2005. – 416 б.) анын предметинин максаттарын аныктай алган. Филологиялык анализ көркөм тексттин керектүү бөлүгү экендигин аныктоо менен өзүнүн макаласында филологиялык анализдин окуу процессине керектүү каражат экендигин көрсөтүп, көнүгүүлөрдүн түрлөрүн берет, ошондой эле ал дагы филологиялык анализдеги – адабий анализди башка анализдерден өзгөчөлүгүн, андагы проблемалуу моменттерин берет. "Дарыйка" атынын этимологиялык чечмеленүүсүн изилдөөгө алсак, Ш.Жапаровдун "Адам аттары – эл байлыгы" илимий эмгегинде, "Дарыйка" - деген сөздүн мааниси дарыядай чалкыган, суудай көлкүгөн сулуу кыз дегенди билдирет. Ар бир элдин намысы бүтүндөй бир микро концепттерден турат, алардын баары «Кыз Дарыйка» элдик поэмасында камтылган. Кыргыздар үчүн 1) Мекенин коргоо; 2) Туулган жерге кызмат кылуу; 3) Эли-жерин сырткы душмандардан коргоо; 4) Мекенди сүйүү; 5) Үй-бүлөнү сүйүү; 6) Табиятты сүйүү жана коргоо; 7) Эл журтка кызмат

кылуу; 8) Улууларды урматтап-сыйлоо; 9) аял кишиге эне болуу бактысы. 1-мисал:

Айтыптыр Дарыйка шер менин күчүм,
Жумшалат жакшылыкка баары бүтүн.
Кармашам өзү тийген душман болсо,
***Ата-журт эли-жердин намысы үчүн.***
Ошентип ойлоп жүрөт ***арстан шер,***
Атактуу Самаркандык ***кыз балбан эр.*** [К. А. 293-294-б.]

Lion Dariyka fought only for the good of her people,
Never wasting her time on battles
***To protect the honor of motherland***
From anyone that threatened to touch it.
Even if they had never set eyes on her,
Most illustrious ***warrior fighter girl*** of Samarkand
Soon attracted interest far beyond ***lion girl*** **nation.** [Г. Ж. 171-б.]

“Кыз Сайкал” кичи эпосунан кошумча мисалдарды келтирүүгө болот. Кыз Буурул минип Кыз Сайкал,
Артынан түшүп алыптыр.
Аккула минип ***Айкөл шер,***
Алдынан чыгып калыптыр.
Алдыңкы эрди албайып,
Үстүңкү эрди калбайып.
***Арстан Манас*** баатырың,
Айбатын салып акырын.
Көргөндүн көөнү бөлүнүп,
***Көк сеңир*** тоодой көрүнүп.
Ажыдаардай сүрү бар,
Адамдын зору билип ал.
Кызыл буурул ат минген,
Сайкалга көзүн салганы.
Айкөл шерге таңданып,
Ат оозун жыйган ал дагы.
Бир азга тиктеп турушту,
Аттарына камчы уруп,
***Эки шер*** найза сунушту. [О. У. 172-б.]
It was the moment that Saikal had been waiting for,
And spurring Kyz Buurul, she immediately sped toward him.
At close quarters, ***the legendary Manas,***

Appeared more imposing than she had ever imagined.
His ***giant stature*** looked like it could move mountains,
And like a dragon, his eyes were filled with fiery violence.
He stared at Saikal, and she at him.
From the moment their eyes met,
It was clear that they understood each other well.
The time had come for the battle to commence,
Between ***the two Kyrgyz lions.***
It was a spectacle that captivated everyone's attention [З. К. 300-б.]

Жогорудагы биз элдик эпосттун текстинен алган үзүндүдө ***айкөл шер, арстан Манас, көк сеңир тоодой, эки шер*** деген лексикалык каржаттар троптун ар кандай түрлөрүнө кирет: ***айкөл шер, эки шер*** - метафора, ***арстан Манас*** – эпитет, ***сеңир тоодой*** – салыштыруу.

Троптун бул түрлөрү оригиналда (которулуп жаткан текстте) төмөндөгүдөй функцияларды аткарды: ***эки шер*** деген метафора Манас менен Кыз Сайкалдын сапаттык жагын башка бир нерсенин (шердин) сапаты аркылуу берди, башкача айтканда, ***шер*** арстан, жолборс, илбирс сыяктуу жандыктардын күчү, кайраты (эр жүрөктүүлүгү) жагынан жогору турган жырткыч, ал эми ***айкөл*** сөзү - төрт тарабы төп келген адамды сыпатын билдирген сөз. Демек, Манас менен Кыз Сайкалдын жаратуучулары (авторлору) аларды кайсы бир күчтүү жандыкка салыштырбай эле (мисалы, жолборстой, арстандай, шердей деп салыштырбай эле) дал ошол нерсенин өз аты менен ***шер*** деп атады. Мындай метафоралар катышкан ыр саптары “Кыз Дарыйка” элдик дастанында да бар. Бул дастанды кыргыз тилинен англис тилине которууда системалаштыруу менен которулган. ***Ата-журт эли-жердин намысы үчүн=To protect the honor of motherland, Дарыйка шер=Lion Dariyka, арстан шер = lion girl, кыз балбан эр = warrior fighter girl*** болуп, бул саптар англис тилине оригиналга дал келтирилип которулган. Ал эми “Кыз Сайкал” дастанындагы ***Айкөл шер*** эпитети ***the legendary Manas*** делип, ***Көк сеңир тоодой*** салыштыруусу ***giant stature*** жана ***Эки шер*** метафорасы ***the two Kyrgyz lions*** болуп, оригиналдагы саптарга маанилик жактан теңталаша которулганы менен, 7-саптагы ***арстан Манас*** эпитети котормодо которулбай калтырылып кеткен.

**Элдик поэманын англис тилиндеги котормолоруна семиотикалык анализ.** «Кыз Дарыйка» элдик поэмасындагы семиотикалык белгилер топтомуна алынган мисалдарды талдоого болот.

Кыз ойлойт анык ***мыкты балбан*** болсо,
Айланып ***ак шумкардай*** колго консо.
***Кат*** берип чакыртайын күрөшсүн деп,

Качкансып баатыр эмес келбей койсо. [К. А. 297-б.]
Fired with excitement,
She imagined him turning up
And landing on her hand
***Like a white falcon.***
Heeding the elders' advice,
She invited sending ***a letter*** to a duel,
Convinced that if ***a true hero,***
He could not refuse. [Г. Ж. 176-б.]

Биринчиден, кыргыз тилиндеги кээ бир сөздөр англис тилине которууда толугу менен дал келет, мында кандай гана контекст болбосун мындай сөздөр бир гана эквивалент менен берилет: Мисалы: ***Кат - a letter***, ***ак шумкардай – Like a white falcon, мыкты балбан - a true hero*** деп которулуп, котормочу адекваттуулукту сактоого аракет жасаган. ***Индекс белгилери*** объекттин жакындыгы менен мүнөздөлөт, алардын ортосунда дайыма белгилүү бир себептик байланыш бар, ал объект менен жалпы мүнөздөмө түрүндө көрүнөт. ***Индекс белги*** - дайыма коштоп жүргөн жана анын бир бөлүгү же натыйжасы болгон кубулуштар жөнүндө маалыматты алып жүрөт. Индекстер (белгилер) коомдук жашоодо адамдардын сезимдерин билдирүүнүн бардык каражаттары болуп саналат: жаңсоолор, мимика, сүйлөө интонацияларын, психологдор аларды "экспрессивдүү кыймылдар"деп аташат [ТС, 293].

**Кыз Дарыйка поэмасындагы экстралингвистикалык факторлордун тийгизген таасири.**

***Маданий релеванттуулук.*** Кептин стилдеринин кайсы түрүнүн текстин түзүүдө болбосун ар биринин өзүнө жана жалпы баарына бирдей тиешелүү тилдик жана экстратилдик факторлору болот. Көркөм чыгарманын тексттеринде тилдик фактор сыяктуу эле экстралингвистикалык фактор да маанилүү роль ойнойт. Экстратилдик фактор тилдин функцияларынан тышкаркы факторлор болуп саналат. Ага улуттун маданияты, түрдүү традицияларынан баштап кийим-кечеси тутунган динидеги, күндөлүк турмушундагы өзгөчөлүктөрдүн баары, вербалдык эмес каражаттар кирет. Көркөм текстте көпчүлүк экстратилдик факторлор деле баяндоолор, сүрөттөөлөр аркылуу ишке ашырылат.

*Тарыхый релеванттуулук*. Белгилүү доорду чагылдырган көркөм чыгарма ошо доордун күзгүсү болуп калат. Атнкени чыгармада ошо доорго тиешелүү белгилүү бир элдин улуттук жана тарыхый өзгөчөлүктөрү толугу менен чагылдырылат. Проф. Т. Маразыков "көркөм текст жаралган доордогу көркөм эстетикалык дүйнө тааным жана коомдогу көркөм адабий процесстин тарыхый өнүгүш жолу экстралингвистикалык фактор катары көркөм стилдеги

тексттин уюшулушуна чон таасирин тийгизерин" белгилеген. (Маразыков, 2005: 132) "Кыз Дарыйка" элдик поэмасынын өзөгү да тарыхтан алынгандыктан, ошол мезгилдеги окуяларды, элдин кадимки жашоосун сүрөттөөдө эскирген сөздөр колдонулган жана чыгарма жазылган учурдагы архаизм, историзм, диалектизм сөздөр да учурайт. Алар бир четинен өзгөчө түс, стилдик боёкчо берет, бирок ошол эле учурда аларды англис тилине которууда котормочуга кыйынчылык жаратпай койбойт.

***Эстетикалык релеванттуулук***. Искусствонун түрү катары поэмада ар кандай тилдик каражаттар менен түзүлгөн образ көркөмдүүлүгү жана элестүүлүгу менен айырмаланып, окурмандын сезимине таасир этүү өзгөчөлүгүнө ээ. Тилдин эстетикалык функциясын автордун айтайын деген максатына ылайык чыгармадагы ар бир сөз, сүйлөм, абзац же текст аткара алат. Экспрессивдик-эстетикалык функция тилдин бардык денгээлдерине: фонетикалык, лексикалык- семантикалык, морфологиялык жана синтаксистик денгээлдерине мүнөздүү.Тыбыштын мааниси жөнүндо проф.Б. Усубалиев мындай дейт: "тыбыштар поэтикалык мааниге ээ: алар. биринчиден, уйкаштыкты, ыргакты камсыз кылуучу каражат катары музыкалык-эстетикалык эффекти пайда кылса, экинчиден, көңүл туйгуну, маанайды туюндуруучу касиетке ээ". Окурман түп нусканы окуганда кандай эстетикалык ырахат алса, котормону окуганда да ошондой эле деңгээлде ырахат алуусу котормодогу эстетикалык релеванттуулуктун шайкештигин түшүндүрөт.

***Психологиялык релеванттуулук***. Эстетикалык эффектти камтыган сөздөр, тилдик каражаттар чыгарманын маңызын, идеясын, автордун дүйнө таануусун терең ачууга өбөлгө түзүүчү негизги каражат болуп эсептелет. Поэмада Дарыйканын психологиялык релеванттуулук англис тилине которууда калькалоо, фразеологизмдер, түшүндүрүү аркылуу, котормонун эквиваленттери аркылуу которулган. Чыгармадагы психологиялык эмоционалдык абалды түзүп, поэмага эмоционалдык эффект берүүдө чоң роль ойногон. Акындын жетишкендиги - толуп ташкан адамдын ички сезимин төрт гана сапка батырып, кыска сөздүүлүк менен эмоционалдык – экспрессивдик эффектисин күчөткөндүгүндө.Тил коммуникацияны ишке ашыруучу байланыш-катнаш курал катары кызмат аткаруу менен бирге экспрессивдик, көркөм-эстетикалык, адамдардын эмоциясына, сезимине таасир этүү жана психологиялык функцияларды аткарат.

***Когнитивдик релеванттуулук.*** Кандай гана тил болбосун, ошол тилде сүйлөгөн элдин аң-сезими, дүйнө таанымы, дүйнөгө болгон көз карашы, бүтүндөй салт-санаасы, жүрүм-туруму анын улуттук тилинде чагылдырылат. Ю. М. Лотман, В. Г. Степанов жана башка көптөгөн илимпоздордун оюу

боюнча, көркөм текст маданияттын ажырагыс бөлүгү, ошондуктан котормо ар түрдүү маданияттарды жана когнитивдик базадан турган аң-сезимдерди байланыштыруучу звено болуп калатБул өңүттө изилдөө жүргүзүп жаткан окумуштууларга В. Н. Комиссаров [104], Ч. Филмор [202], Дж. Лакофф[115], кыргыз окумуштууларынан З. К. Караева [91], З. К. Дербишева [70], Дж. Тагаев [187] өңдүү окумуштуу-лингвисттерди кошууга болот. Бул окумуштуу-тилчилердин идеяларынын негизинде биз котормого өзүбүздүн когнитивдик ыкмаларды киргизүү менен төмөнкүлөрдү белгилей кетүүгө болот. З. Караева ар бир экстралингвистикалык релеванттуулукту өзүнчө карайт. Ар бир маданият башка бир маданиятка салыштырмалуу компоненттик составы өзгөчөлөнүп турат жана бир когнитивдик базада бар бирдиктер экинчи бир базада жок болушу мүмкүн. Ал базадагы айырмачылыктар, жогоруда белгиленгендей, дүйнө тааным, ан-сезимдик өзгөчөлүктөрү менен түшүндүрүлөт. Котормочу түп нуска жана котормо окурмандарынын когнитивдик базасындагы айырмачылыктарды талдап, чыгармадагы улуттук өзгөчөлүктөргө ээ сөздөрдү котормо тилдин окурмандарына адекваттуу, түшүнүктүү берүү жолдорун кароо менен алар үчүн жаңы дүйнөнүн каалгасын ачуу максатын көздөөгө тийиш. Сөздөрдүн эки тилде тең денотативдик маанилеринин дал келиши өтө аз 30% кездешет. Мисалы: ***арстан –lion***, кыргыз тилинде да, англис тилинде да күчтүү жаныбар, көркөм чыгармаларда ***белгилүү, чыгаан, баатыр, балбан, жоокер*** сыяктуу коннотациялык маанилерге ээ. Ал эми ***Кыз балбан- fighter girl*** дүйнөлүк балбандарды коннотациялык маанилери бирдей экендигин тастыктоого болот. Эквиваленттүүлүктүн жоктугу экстралингвистикалык факторлорду камтыган маданий-тарыхый жана социалдык абал менен түшүндүрүлөт. Анткени элдин маданияты, алардын басып өткөн жолу, көз караштары да айырмаланып, ар түрдүү болгондуктан поэтикалык котррууда мындай учурга өзгөчө көңүл бурулат. Бул сөздөргө түшүндүрмө сүйлөмдөр берилет.

***Прагматикалык релеванттуулук.*** Прагматика – бул текстти же маалыматты котрууда адресаттын менталитетин, маданиятын, тарыхый шарттарын, социалдык абалын, алардагы психологиялык менталитеттин өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен котруу [148, 127-б.] Поэмада Дарыйканы сыноого салган жашоосуна ал “*шүгүрлүк”=”thanks God”* айтат. Адамзат жашоосуна ыраазычылык билдирүүдө, күнүмдүк турмушунун өйдө-ылдыйына карабай дайыма “шүгүр” келтирет. Буга Дарыйканын образы дагы мисал болот. Ушуга окшогон социалдык, прагматикалык, психологиялык, маданий релеванттуулукка жаткан феномендердин бири- “Бата берүү, бата алуу” - *Blessings*. Себеби, кыргыз маданиятында бата берүү – тазалыктын, аруулуктун, жакшылыктын, жетишкендиктин, бейпилдиктин, тынчтыктын

символу болуп саналат.

***Семиотикалык релеванттуулук.*** Соссюрдун семиотикалык теориясынын негизги жоболорунун бири болуп белгини эки жактуу психикалык маңыз, атап айтканда, түшүнүк менен акустикалык образдын жыйындысы катары чечмелөө болуп саналат. Окумуштуунун пикиринде, белгинин белги катары маңызы, биринчи кезекте, каршы коюу (антонимия) системасында анын ээлеген орду аркылуу аныкталат. "Кыз Дарыйка" элдик поэмасынын түп нускасы менен анын котормосун салыштыруу аркылуу сөз болуп жаткан маселеге, т.а., семиотикалык бирдиктердин семантика-функционалдык табиятына байланыштуу төмөндөгүдөй жагдайларды аныктоого болот.Поэтикалык тексттин өзү өзгөчө белгилерге ээ, поэтикалык белгилер менен тилдик белгилердин байланышы денотациялык жана коннотациялык аспекттеги аткарган функциясында бирин бири толук чагылдыруусу аркылуу ишке ашат. Анткени поэтикалык текстти түзүүдө тилдик белгинин коннотативдик мааниси негизги орунда турат, б.а. анын негизги мааниси эмес кошумча мааниси негизги орунда болот. Коннотативдик маани аркылуу түзүлгөн ассоциациянын тегерегинде көркөм реалдуулук түзүлөт. Мисалы кыргыз ырларында жана алардын котормолорунда жаштыктын образы метафорикалык образ алма – ***"Ал өзү бышып турган алма эмеспи"*** [А. К. 302-б.] деп алманын образы аркылуу, "***Жүрбөйүн шактан үзүп кагып кетип"*** [А. К. 302-б.] деп шактын образы аркылуу, салыштыруу аркылуу [А. К. 303-б.] деп беришкен. Кыргыз тилиндеги чыгармалар менен алардын котормолорун иконикалык белги боюнча салыштырууда көптөгөн айырмачылыктарга туш болобуз. Айырмачылыктар эквиваленттүү эмес лексикада, улуттук маданий көрүнүштөрдө, фразеологиялык сөз айкаштарында, стереотиптерде, улуттук-спецификалык метафораларда жана образдарда байкалат. Которуу процессин татаалдаштырган мындай көрүнүштөр ар кандай трансформациялык ыкмаларды колдонуу менен маанисин жеткирүү зарылдыгын талап кылат. Кыргыз элинде түстөргө карата өзгөчө көз карашы, калыптанып калган символикалык белгилери бар. Мисалы кыргыздарда кызыл алма – сүйүүнүн, тазалыктын, жакшылыктын, аруулуктун, ден соолугу чың адамды, күздү, молчулукту, түшүмдүүлүктү, кооздукту, сулуулукту сүрөттөөдө колдонулат.

***Социалдык релеванттуулук.*** Которууга мүмкүн болбогон сөздөрдүн табиятын изилдейт жана аларды которуунун теориялык жол-жоболорун, моделдерин изилдөөгө алат. Мисалы:

***Белегин таштап кетти арстан сага,***
Бар дешет боюңузда калган бала.

***Тулпардын белгисиндей ошол туяк,***
Кут болсун баары бизге нишаалла. [А. К. 324-б]
Yet part of you will always remain
***In lion's most precious gift of a baby.***
***A racehorse is judged by its baby ,***
But it is God who provides the good things in life. [Ж. Г. 223-б]

Үчүнчү строфанын сабындагы ***Тулпардын белгисиндей*** ошол ***туяк*** англис тилине ***A racehorse is judged by its baby*** деп ошол эле тилдин улуттук өзгөчөлүктөрүнө, тилдин экстралингвисттик өзгөчөлүктөрүнө ылайыкташтырылып, перефраздоо менен кошумча сөздөр менен берилди. Бул мисалда «туяк» деген реалийди англис тилине сөзмө-сөз «***its baby***» деп которулган. Ал эми кыргыз маданиятында, баарыбызга маалым болгондой, ***«туяк»*** ата-нын артында калчу, анын жолун улоочу тукум, уул, мураскор маанилерин туюндурат. Илимий иште элдин турмушу ж.б. жөнүндөгү элдин улуттук өзгөчөлүгүн жана ал өзгөчөлүктүн ошол элдин тилинде берилиши изилденди.

Көңүл бурганыңыздар үчүн чоң рахмат!

**Төрайым, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Жолдошбаева Ы. К:** – Эми изденүүчүгө суроолоруңуздар болсо берсеңиздер. Сунуш-пикирлерди суроолордон кийин билдиребиз.

**Филология илимдеринин доктору, профессор Абдувалиев И:**

- Изденүүчү Гулнарида Токторалиевна «Кыз Дарыйка» поэмасына лингвопоэтикалык анализ (кыргыз тилинен англис тилине жасалган котормонун негизинде) деген темада жазган диссертациясынын кол жазмасына (Б., 2023. 187 бет). Иш көлөмдүү.

1) Диссертация «Кыз Дарыйка» поэмасына лингвопоэтикалык анализ деген жакшы теманы изилдөөгө арналган. Бирок, кайсы элдин элдик поэмасына лингвопоэтикалык анализ берилери белгисиз болуп калган. Кыргыз элинин «Кыз Дарыйка» поэмасына лингвопоэтикалык анализ деп алынса андан да жакшы болмок.

2) Элдик поэманы жана котормону изилдөөдө кандай методикалык ыкмалар колдонулду.

**Изденүүчү Жапарова Г. Т:** Сурооңузга рахмат!

**1-суроого жооп:** Изилдөөгө алынып жаткан эпикалык чыгарма - Орто Азия элдерине чыгыш адабиятынан келген, баатырдыкты сыпаттаган элдик поэма. Поэма XIX кылымдын аягында, XX кылымдын башында Казан, Уфа шаарларында татар, каракалпак, ногой, казак тилдеринде басылып чыккан. Китеп аз санда чыккандыктан, алгач кат тааныган сабаттуу адамдар окуп, алар аркылуу элге тараган, акындар болсо поэманын сюжетин талантынын дараметине жараша алымча-кошумчасы менен эл арасына жайылткан. «Кыз

Дарыйка» - поэмасы ушундай жол менен таралган элдик көркөм чыгарма. Кыргыз акындары акындары тарабынан 8 вариантта айтылган. Көбүнчө Карамолдо Орозовдун жана Кадыркул Алимановдун варианттары кеңири тараган, эки вариатын окуп, бирок Талас өрөөнүнөн чыккан акын К. Алимановдун вариантын котормого тандадым. Чыгармада түрк элинин тарыхы, маданияты, каада-салттары берилген. Ошондуктан көркөм элдик поэмасына лингвопоэтикалык анализ жасалды.

**2-суроого жооп:** Изилдөөнүн методдору катары компоненттик анализ жүргүзүү, семантикалык-семиотикалык, тарыхый, маданий, типологиялык-салыштырма методдору, сыпаттама, моделдештирүү, контекстуалдык анализ, трансформациялык методдору колдонулду. Поэтикалык тексттин маанисин берүүдө лингвопоэтикалык иликтөө методу колдонулду. Элдик чыгармаларды изилдөөдө биз компоненттик анализди колдонобуз, анда сөздөрдүн маанисин лингвистикалык аспектиде карайбыз. Сөздүн мааниси синонимдер, антонимдер, архаизмдер, историзмдер аркылуу берилиши мүмкүн. Бул ыкма англис жана кыргыз тилдеринин формалдуу структурасын жана семантикалык структурасын аныктоого көмөк көрсөтөт. Компоненттик талдоо сүрөттөөнүн дагы бир жолун сунуштайт.

**Филология илимдеринин доктору, доцент Алишева М. К:** – Менин сизге эки суроом бар:

1) «Кыз Дарыйка» поэмасын которууда кыйынчылыктар жана архаизм/диалектизм сөздөрдү кандай ыкма менен котордуңуз?
2) Өзүңүз айткан 5 жобонун натыйжасы кандай болду?
3) Кыргыз лингвисттеринин эмгектерине кайрылдыңызбы?

**Изденүүчү Жапарова Г. Т:** Суроонуз үчүн рахмат Махабат Култаевна!

**1-суроого жооп:** Биринчи кыйынчылык катары жогоруда айтылган эки маданияттагы образдардын түрдүүлүгү болду. Бизге бала чактан элдик чыгармалар аркылуу белгилүү болгон каармандардын образдарын англис тилине ылайык которуу кыйынчылыктарды жаратты.Ошондой эле поэмадагы архаизм, кабыл алынган сөздөрдү которуу кыйын болду. Бул учурда сүрөттөө жана түшүндүрүү ыкмалары аркылуу которулду. Дагы белгилей кетсем, архаизмдерди которууда диалектизмдерге таяндым. Алмаштыруу, транслитерация,түшүндүрүп берүү жолдору биздин илимий ишибизде кеңири колдонулду. Мисал катары «Кыз Дарыйка» поэмасынын кыргыз тилинен англис тилине которууда Дарыйка менен Аалы балбандын образдарын котормо аркылуу талдоо жүргүзөбүз.

**2-суроого жооп:** Изилдөөнүн натыйжалары кыргыз жана англис тилдеринде элдик поэмалар аркылуу берилген маданиятынын өзгөчөлүктөрүн ачып берүүдө өз салымын кошо алат деп эсептейбиз. Жыйынтыктап айтканда,

элдик поэмалардын тили — бул улуу тил, ал жөнөкөй жана бай, көп маанилүү, ар бир элдин жан дүйнөсүнө кирүүгө жардам берет. Поэмада колдонулган стереоптик тилдик бирдиктерди изилдөө дүйнө элдеринин, анын ичинен кыргыз жана англис элинин тилдик деңгээлинге жетүү маанилүү. Ал эми натыйжасына келсек – алгачкы жолу которулуп, лингвистикалык анализ жасалды, релеванттулуктар каралды, эки тилдин тектештиги жана айырмачылыктары каралды.

**3-суроого жооп:** Албетте, кыргыз лингвисттери К. Кырбашев (1968), Ж.Мамытов (2002), Т. Аширбаев (2000, 2001), С. Өмүралиева (2005), Б. Усубалиев (1994, 1995), С. Мусаев (1990, 2000), Т. Маразыков (1996, 2005), А. Оморов (2002), З. Караева (2006), Д. Кенжебаев (2014), А. Абдыкеримовалардын эмгектерине кайрылдым.

**Филология илимдеринин доктору, профессор Мирзахидова М. И:**

-Менде мындай суроолор бар:

1) Лингвопоэтиканы изилдөөнүн максаты жана милдеттери тууралуу толуктап айтсаңыз.
2) Изилдөөнүн милдеттери кандай?

**Изденүүчү Жапарова Г. Т:** Суроонузга рахмат!1) Илимий-изилдөө ишибизде 5 милдет коюлган.

**1-суроого жооп:** Көркөм чыгармаларга лингвопоэтикалык анализ жүргүзүү аркылуу элдик акындардын чыгармаларынын жана алардын котормолорунун тилдик жана экстралингвистикалык табият-маңызын, өзгөчөлүктөрүн жана көркөм чыгармалардын тилинин эстетикалык функциясын ачып берүү; тектеш эмес эки тилдеги ыр түзүлүштөрүнүн стилистикалык өзгөчөлүктөрүн, алардын жалпылык менен айырмачылыктарын белгилеп көрсөтүү; котормонун экстралингвистикалык, адабий жана семиотикалык аспектисин изилдөө; бүтүн бир система катары калыбына келтирүү. Филология илиминин бир бөлүгү катары ал тектеш дисциплиналардын тажрыйбасын жана иштеп чыгууларын ийгиликтүү ишке ашырат, бул сүрөттөлүшү керек болгон жаңы ыкмалардын жана изилдөө ыкмаларынын пайда болушуна алып келет.

**2-суроого жооп:** Изилдөөнүн максаты төмөнкүдөй **милдеттерди** чечүүнү талап кылды:

1) жалпы тил илиминде, кыргыз жана англис тилдеринде чыгармаларды тилдик өңүттө изилдөөнүн жана аларды которуунун илимий-теориялык, методологиялык, методикалык маселелерин аныктоо;
2) кыргыз чыгармаларын англис тилине которууда улуттук өзгөчөлүктөрүн мүнөздөп берүү;

3) элдик поэмалардын котормосун изилдөө иштеринин өнүгүү этаптарын, табиятын, өзгөчөлүктөрүн иликтөө;

4) кыргыз жана англис чыгармаларына тиешелүү болгон тилдик каражаттарды түрдүү деңгээлде салыштырып талдоо.

5) кыргыз чыгармаларын англис тилине которууда түп нусканын адекваттуулугун сактоонун жолдорун белгилөө.

**Филология илимдеринин кандидаты, доцент Оморов А: -** Баяндаманы угуп, илимий изилдөө иши менен таанышкандан кийинки үч суроом бар:

1)Каада-салттарды транслиттерациялоо дегенди кандай түшүнөсүз?

2)Англис тилиндеги ырлардын уйкаштыгын кыргыз тилине кантип шайкеш келтирдиңиз?

3)Лексикага көп көңүл бурулгандыктан «кыса» деген сөз историзм болобу?

**Изденүүчү Жапарова Г. Т:** Суроонузга рахмат!

**1-суроого жооп: Транслитерация** – котормо ыкмаларынын бир түрү. Түп нускадагы сөздөрдү башка тилге которуп жатканда ошол которулуп жаткан тилдеги алфавиттердин жардамы менен эч нерсени өзгөртпөй эле которуп жазып берет, буларга адамдын аттары, газета-журналдардын аттары, китептердин, газеталардын аттары жана башка которулбай турган энчилүү аттар кирет, ошолорду гана транслитерациялоого болот, алардын арасына улуттук реалдарды да кошобуз. Котормо боюнча глоссарий түзүлдү, маданий релеванттуулуктар эске алынды. Мисалы: Кымыз-kymyz, комуз- komuz, дутар-dutar, көк бөрү- kok boru, жамбы-jamby деген сөздөр биздин улуттук өзгөчөлүктөр болгондуктан, транслитерациялоо менен которулду. Кыргыздын каада-салтын башка улуттарга туура транслитерациялообуз абзел.

**2-суроого жооп:** Поэмадагы фонетикалык каражаттардын жардамы менен уюшулган ассонанс жана аллитерация кыргыз оозеки чыгармаларында кеңири колдонулгандыгы белгилүү.«Кыз Дарыйка» поэмасынын англис тилиндеги котормосу менен кыргыз тилиндеги оригиналынын тексттериндеги үнсүздөр системасына жасалган ар тараптуу талдоонун негизинде төмөнкүдөй өзгөчөлүктөрдү аныктай алдык: Сап башында (вертикалдык) үнсүз тыбыштар кайталанган строфалык аллитерация:

**К**ыйкырык ызы-чуудан кулак тунду.
**К**алдайган Дарыйканы көргөн душман,
**К**оркушту жеке чыкпай балбан кыздан.
**К**арабай башка жакка кыздын ою,
**К**улатып түрк элинин туун жыксам. [К. А. 289-б.]

To overthrow their enemy
And both sides launched **attack after attack,**
In an effort to defend their flags.
Ignoring everything around her,
Dariyka focused on winning the battle
By claiming the Turkish flag. [Ж. Г. 164-б.]

Ал эми англис тилиндеги котормо уккулуктуулукту кыска үндүүлөр **e, a, e** тыбышынан түзүлгөн горизонталдык ассонанс менен синтаксисттик кайталоо уюштурган. Ошондой эле котормодо кыска жана созулма үндүүлөр **a, o, e, i** тыбыштарынын кайталануусун салыштырууга туура келет. Эки тилде уйкаштыкты сактоо кыйын болгондуктан, поэманы маанисине карап которулду. Мисалдардан көрүнүп тургандай, кепте бир эле тыбыштын кайталанышы же артикуляциясы менен акустикасы окшош тыбыштардын строфада вертикалдык, болбосо горизонталдык абалда катар жайгашышы поэмадагы ыр саптарынын угумдуулугу менен көркөмдүүлүгүн жакшыртат.

3) Бул термин - түрк менен перстерге орток акындар жазган ***газел (казал), раджа*** сыяктуу поэзия термини. Кыса сөзү элдик поэтикада өтө сейрек кездешкен сөз катары белгилүү жана негизинен чыгыш поэзиясына мүнөздүү. ***Кыса*** негизинен дидактикалык мүнөздөгү кандайдыр бир белгилүү көрүнүшкө арналган философиялык көз карашка басым жасаган көп кырдуу, терең маанилүү ыр түрүндөгү жанр. Кыса сөзүн англис тилине башка жакыныраак маанидеги баян, ыр баян, санжыра (ыр түрүндө) уламыш, же дастан деп берүү максатка ылайык же ***кыза (кысса)*** – адабий жанр, аңгеме, жомок, ыр, баян. Азыркы учурда «кыса» сөзү анчалык колдонулбагандыктан, историзм деп эсептейм.

**Филология илимдеринин доктору, профессор Дарбанов Б. Е:**

- Изденүүчү Гулнарида Токторалиевна, менде мындай суроолор бар:

1) Импакт фактордо канча макала бар?

2)Диссертациянын темасы качан бекитилген?

3)Семиотика менен лингвосемиотиканын айырмасы эмнеде жана ишиңизде колдондуңузбу?

**Изденүүчү Жапарова Г. Т:** Суроонузга рахмат агай!

**1-суроого жооп:** 1) Импакт фактор менен 3 макала жарык көрдү. Эл аралык Ала-Тоо университетинен, Россиянын Гуманитарные и естественные науки, Бюллетени науки журналдарынан илимий макалалар чыкты.

**2-суроого жооп:** Диссертациялык ишимдин темасы 2018-жылы ноябрь айында ЖАМУнун Окумуштуулар кеңешинде, илимий жетекчинин макулдугу менен бекитилген.

**3-суроого жооп:** Семиотика илими ар түрдүү элдин маданиятынын

кандайдыр бир маалымат камтыган белгилер системасынын структурасын жана анын функцияларын, б.а., түшүнүктөрдү, образды белги менен берүү болуп саналат. **Семиотика** жөнүндө ой пикирлер көптөгөн окумуштуулардын эмгектеринде изилденип келе жатат. Анын негиздөөчүсү - белгилүү лингвист Ф. Де Соссюр [104], анын идеяларын улантуучулары америкалык логик, философ, изилдөөчү Ч.С.Пирс, Ч.Моррис, Р.Карнап, А.Тарский ж.б. окумуштуулар, философтор кирет. Семиотиканын негизги предмети – белги. Окурман/угуучу/котормочу кандайдыр бир белгини ошол маданияттын өкүлү катары түшүнөт. Поэмада Аалынын Кыз Дарыйкага ***«Кылычты»*** белекке беришин, семиотикалык белги катары талдоого берилди. Ошондой эле **лингвосемиотика** - бул тилдин коммуникативдик функциялары жөнүндө илим. Биринчи кезекте лингвосемиотика илими жөнүндө Ф. Соссюрдун изилдөөлөрүнө таянабыз. Лингвосемиотика – бул ошол белгилерди тилдик каражаттар менен берүү. **Кылыч- sword** - бул поэмадагы семиотикалык белги, символ болуп эсептелет. «Кылыч жана сөз, акылмандык, берилгендик жана сабырдуулук, ыйман жана ой жүгүртүү, акыйкат жана саясат, сергектик жана такыбалык, жаза жана кечирим, намыстуулук жана кичипейилдик, карапайымдыктын жана улуулуктун каарманы» экендигинен кабар берет. Кылыч-араб эли үчүн эрдик, эркиндик жана көз карандысыздык үчүн күрөшүүнү билдирет. Ал эми кыргыз эли үчүн **«кылыч» -** бул баатырдык, тайманбастык, көз карандысыздык, эркиндик болуп саналат. Семиотика бүт айланабызда жашайт, көчөдөгү белгилер, жылдыздардын семиотикасы, химиялык элементтер, айтор айлана-чөйрөбүздүн баары семистика, вербалдуу жана вербалсыз деп экиге бөлүнөт. Вербалдуу семиотика – бул лингвосемиотика. Семиотикалык жана лингвосемиотикалык белгилер аныкталды.

**Педагогика илимдеринин кандидаты профессор Омошев Т.Т:** -Менин суроом мындай:

1) Лингвопоэтикалык анализ деген эмне? Башка элдер менен айырмачылыгы?

2) Изилдөөнүн жаңылыгы эмнеде?

**Изденүүчү Жапарова Г.Т:** Сурооңуз үчүн рахмат!

**1-суроого жооп: Лингвопоэтика-**адабият таануу менен лингвистиканын чегинде турган филологиялык тармак. Көркөм чыгарманын тилин, тилдик бирдиктердин көркөм чыгармада колдонулуш өзгөчөлүктөрүн, алардын эмоционалдык-экспрессивдик, эстетикалык функциясын изилдеп, көркөм чыгарманын жана жалпы эле адабий системанын структурасындагы негизги компоненттерди бөлүп көрсөтүү менен, алардын формалдык структуралар менен болгон байланышын ачып берет.

1. Лингвистикалык анализ
2. Стилистикалык анализ
3. Адабий анализ
4. Семиотикалык анализ

Ушулардын баарын котормо менен байланыштырдым.

**2-суроого жооп:** Изилдөөнүн жаңылыгы – элдик чыгарманын алгачкы жолу которулушу,ага лингвопоэтикалык анализ жасоо, которуу жолдорун иштеп чыктым. Ошондой эле Улуттук Илимдер Академиясынын котормолор энциклопедиясына киргизилгени болду. Окурмандар үчүн эки тилде котормо китептин басмадан чыгарылышы да изилдөөнүн жаңылыгы деп айтууга болот.

**Филология илимдеринин кандидаты, доцент Калмуратова А.О:**

1) Эквиваленттик котормону кандай түшүнөсүз?

**Изденүүчү:** Суроонуз үчүн рахмат!

**1-суроого жооп:** Бөтөн тилден кыргыз тилине которууда кыргыз тилинде эквиваленти жок сөздөр сүрөттөлүп берилет. Котормодо эквиваленттин үч түрү кездешет: а) толук эквиваленттүү, б) толук эмес эквиваленттүүлүк, в) эквивалентсиз. Эквивалентсиз болгон учурда котормо сүрөттөө менен берилет.

**Филология илимдеринин кандидаты, доцент Орозбаева Г. А:**

1) Адекваттуу котормону кандай түшүнөсүз?

**Изденүүчү Жапарова Г. Т:** Суроонуз үчүн рахмат!

**1-суроого жооп:** Түп нусканын мазмунун, маанисин, формасын да мүмкүн болушунча, автордун стилин, кыскасы, төрт тарабы төп келген так жана даана берилген котормо адекваттуу котормо болуп саналат.

**Төрайым, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Жолдошбаева Ы.К: -** Сөз илимий жетекчиге берилет.

**Филология илимдеринин доктору, профессор Караева З. К. (онлайн): -** Теманы жана анын актуалдуулугун изденүүчү Жапарова Г. менен биргеликте эске алып тандаганбыз. Бул изилдөөлөр жана анализдер сунуш кылынган эпикалык жанрды которууда келечектеги изилдөөчүлөргө чоң көмөк көрсөтө алат. Сунушталган котормонун ыкмалары бар проблемаларды чечүүгө багытталып, жетиштүү деңгээлде аргументтелгендигине карабастан семиотикалык, стилистикалык анализдер толук берилген. Негизинен диссертациялык иш биримдиги бүтүн жана аягына чыккан илимий эмгек болуп саналат. Ишти талкуулоого активдүү катышканыңыздар үчүн ыраазычылыгымды билдиремин. Изденүүчү жогоруда айтылгандарды эске алып, иштин максат-милдетине карай кайрадан карап чыгат.

**Төрайым педагогика илимдеринин кандидаты, доцент**

**Жолдошбаева Ы. К: -** Башка суроолор жок болсо, пикирлерди билдирүүгө өтсөк. Диссертация менен көпчүлүгүңүздөр таанышсыздар. Каалоочулар кезек менен пикирлериңиздерди билдириңиздер.

**Филология илимдеринин доктору, профессор Абдувалиев И: -** Мен да өз пикиримди билдирип коёюн. Диссертациялык иш көлөм жагынан КР ЖАКтын кандидаттык диссертацияларга койгон талаптарына туура келет. Структуралык түзүлүшүндө логикалык ырааттуулук байкалат.«Поэманы изилдөөнүн теориялык негиздери» деген 1-бабында лингвопоэтикалык изилдөөлөргө илик жүргүзүп келип, элдик оозеки чыгармалардын тилине атайылап кайрылган изилдөөлөрдүн абдан аз экендигин белгилеген. Элдик оозеки чыгырмалардын поэтикалык өзгөчөлүктөрү боюнча да, алардын тили боюнча да изилдөөлөр, чынында жокко эсе. Ошон үчүн биз бул изилдөөнүн темасынын актуалдуулугунда шек жок деп эсептейбиз.

-«Элдик поэманы жана аларды которууну изилдөөнүн методологиясы жана методдору” деген 2-бапка толуктоолорду киргизүү керек.

-«Элдик поэманын котормолоруна лингвопоэтикалык анализ» деген 3-бабында кыргыз элинин элдик поэмасынын которулушу, которулушундагы жетишилген ийгиликтер тууралуу кеңири сөз болот. Айтылган кемчиликтерин оңдоо менен коргоого сунуш кылса болот деп сунуш кылам.

**Филология илимдеринин доктору, профессор Мирзахидова М. И:**

Иштин аппаратында изилдөөнүн актуалдуулугу, максаты жана милдети, илимий жаңылыгы, коргоого коюлган жоболор, теориялык жана практикалык мааниси аныкталат. Ар бир баптын натыйжалары илимий көз караштa жыйынтыкталган. Жалпы корутундуда изилдөөнүн натыйжалары чыгарылган. Изилдөөчүнүн жеке салымы кыргыз тилиндеги поэтикалык чыгармаларды англис тилине которуу менен котормо жолдорун системалаштыруу, поэманы которуу өзгөчөлүктөрүн иштеп чыгуу жана тектеш эмес тилдерди салыштыруу үчүн лингвопоэтикалык иликтөө жүргүзүү, теоретикалык жана практикалык материалдарды топтоо, котормочулук трансформацияларды саптардын котормолорунун негизинде көрсөтүп берүүдө тема актуалдуу, иш аягына жеткен. Ошондой эле иште кемчиликтердин бар экендиги байкалды:

-Киришүү бөлүмүн иреттеп жазуу керек;

-Иште стилдик, орфографиялык, пунктуациялык каталар арбын кездешет;

Жогоруда айтылган сын-пикирлер диссертациялык иштин жалпы баалуулугуна, илимий деңгээлине таасирин тийгизбейт. Жыйынтыктап айтканда, изденүүчү Жапарова Гулнарида Токторалиевнанын «Кыз Дарыйка» поэмасына лингвопоэтикалык анализ (кыргыз тилинен англис тилине жасалган котормонун негизинде) 10.02.20 – тектештирме-тарыхый,

типологиялык жана салыштырма тил илими филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы (аталган кемчиликтерди жою менен) толук аткарылып бүткөн жана КР УИА тарабынан кандидаттык диссертацияларга коюлуучу талаптарга жооп берет.«Кыз Дарыйка» поэмасына лингвопоэтикалык анализ (кыргыз тилинен англис тилине жасалган котормонун негизинде) аталыштагы диссертацияны коргоого сунуштаймын.

**Филология илимдеринин кандидаты, доцент Оморов А:** -Тема актуалдуу, котормону жасоо, изилдөө, жактоо оңой эмес. Тилде типологиялык жактан эки башкача түзүлгөн сөздөр көп. Лингвопоэтикалык анализ жасоо татаал. Талкууланып жаткан иште кемчилдиктер жок эмес бар, ритм, рифма, фоностилистикалык уйкаштык ыр түрүндөгү чыгармаларды которууда эске алынышы керек. Англис тилинин ыр түзүлүшү башкача болгондуктан, лексикалык каражаттар колдонулуп талдоо жүргүзүп ылайыкташтырып которгон. Лексиканын бардык катмары, морфологиялык, синтаксисттик жана экстралингвистикалык факторлор чагылдырылган, изилденген. Орфографиялык жана пунктуациялык каталарды эске албаганда мыкты диссертация деп эсептейм. Толук жазылып бүткөн иш катары алдын ала коргоого сунуштайм.

**Филология илимдеринин доктору, профессор Дарбанов Б. Е:**

Лингвопоэтика –жаңы багыт, изилдөө актуалдуу, максатына жеткен. Методологияны кароо керек, башка белгилүү лингвисттердин эмгектерине кайрылуу жана жобону карап чыгуу зарыл.

-Аппробация боюнча импакт фактор керек.

-Диссертациялык иштин структурасын, милдеттерин, жаңылыгын тактоо керек.

- 3-БАП 3.1.4. (окшоштуктар, айырмачылыктар белгиленген) жана 3.1.5. параграфтар жакшы берилген мисалдар менен. 3-чү баптын параграфтарына рекомендациялар берилсе иштин деңгээли көтөрүлмөк. Тиркеменин аталышы «Кыргыз тилинен англис тилине алынган глоссарийлер» эмес «...глоссарий же этнографизмдер же реалий сөздөр».

**Филология илимдеринин доктору, доцент Алишева М. К:** -Жакшы саамалык болуп жатат. Иштин артыкчылыгы – чоң теманы камтылгандыгы.
З.К. Караеванын – экстралингвистикалык релеванттуулугун айтып кетсеңиз жакшы болмок. Ал эми автореферат багыттама боюнча жактоого гана кетет. Дарыйка жөнүндө түшүнүк бергениңиз жакшы. Иш актуалдуу, салмактуу деп алдын ала коргоого сунуштайм.

**Филология илимдеринин кандидаты, профессор Хурибаева Э. Г:** -Тектеш эмес тилдерди которуу кыйындыгын белгилеп, элдик чыгармага

алгачкы жолу которулушу зор эмгек. Изилденүүчүнүн иши мыкты деңгээлде аткарылган. Жактоого чыгууга татыктуу.

**Педагогика илимдеринин кандидаты, профессор Омошев Т. Т:** -Жапарова Гулнарида Токторалиевна ЖАМУнун бүтүрүүчүсү, Эл Аралык Университеттин окутуучусу, Чет тилдер, котормо теориясы жана практикасы кафедрасын ачып жетектеп келет. Темасы актуалдуу, кыргыз поэмаларын которуп жайылтуу – баатырдык деп эсептейм. Илимий жетекчиси З.К.Караева өзүнүн котормо жана семиотика илимий лингвистикалык мектебин түзүп, илимге кызыккандарды колдогон патриот инсан. Изденүүчүнү колдоп алдын ала коргоого сунуш берсеңиздер.

**Төрайым, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Жолдошбаева Ы. К:** -Атайын дисциплина боюнча изденүүчүнүн кандидаттык минумумунун кошумча программасын бекитип коелу. Жапарова Гулнарида Токторалиевнанын кандидаттык диссертациясынын темасына тиешелүү теориялык суроолор каралган. Кандидаттык минимумдун кошумча программасын карап чыктыңыздар, бул тууралуу кандай пикириңиздер бар?

**Филология илимдеринин кандидаты, доцент Калмуратова А. О.** - Кандидаттык минимумдун кошумча программасынын мазмуну Лингвопоэтиканын жана котормонун теориялык жана практикалык маселелерин камтыйт.

**Төрайым, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Жолдошбаева Ы. К:** -Кандидаттык минимумдун кошумча программасы кабыл алынсын.

Колго салып коелу.

Катышкандар – 18, каршы – жок, калыс – жок.

**Төрайым, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Жолдошбаева Ы. К: -** Талкууда айтылган сын-пикирлерди эске алуу менен коргоого сунуш кылса болот.

Талкуулга 18 киши катышты, 18 киши добуш берди.

Коргоо сунуш кылды – 18, каршы – жок, калыс – жок.

**Төрайым, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Жолдошбаева Ы. К:** -Эгерде башка пикирлер, суроолор жок болсо, жыйынтыктасак. Эч кимде алымча-кошумча жок болсо талкууну токтотуп, сөздү изденүүчүгө берели.

**Изденүүчү Жапарова Г. Т:** -Урматтуу төрайым, бүгүнкү биздин талкуулга катышып жаткан жыйындын катышуучулары, баарыңыздарга талкуулга катышып, баалуу кеп-кеңешиңиздерди бергениңиздер үчүн ыраазычылык билдирем. Өзгөчө ыраазычылыгымды илимий жетекчим З.К. Караевага жана менин рецензенттериме билдиргим келет.

**Төрайым, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Жолдошбаева Ы. К:** - Эмесе, сиздер тарабынан жогоруда айтылган пикир-бүтүмдөрдүн негизинде кафедранын кеңейтилген отурумунун токтомун кабыл алууну сунуш кылам.

**Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин филолгия факультетинин маданияттар аралык байланыш жана лингвистика кафедрасынын кеңейтилген отуруму**

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1.Изденүүчү Жапарова Гулнарида Токторалиевнанын «Кыз Дарыйка поэмасына лингвопоэтикалык анализ» (кыргыз тилинен англис тилине жасалган котормонун негизинде) деген темада 10.02.20-тектештирме-тарыхый, типологиялык жана салыштырма тил илими адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациялык иши толук аткарылып бүткөн жана Улуттук аттестациялык комиссиянын кандидаттык диссертацияларга койгон талаптарына жооп берген иш деп эсептелсин.

2.Талкууда айтылган сунуш-пикирлерди эске алуу менен Жапарова Гулнарида Токторалиевнанын ««Кыз Дарыйка поэмасына лингвопоэтикалык анализ» (кыргыз тилинен англис тилине жасалган котормонун негизинде) деген темада 10.02.20-тектештирме-тарыхый, типологиялык жана салыштырма тил илими адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациялык иши диссертант тарабынан жекече аткарылган, монографиялык мүнөздөгү изилдөө иши катары ачык коргоого сунушталсын.

3.Изденүүчү Жапарова Гулнарида Токторалиевнанын 10.02.20-тектештирме-тарыхый, типологиялык жана салыштырма тил илими адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациясынын атайын дисциплина боюнча кандидаттык экзамениинин кошумча программасы бекитилсин.

**Отурумдун төрайымы, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент** **Жолдошбаева Ы. К.**

**Отурумдун катчысы, окутуучу** **Аттокурова М. М.**